**УДК:894.341:82.31(575.2)(04)**

**ОРОЗАЛИЕВА Ж. М.**
*Ж. Баласагын ат. КУУ*
*Бишкек шаары*
*orozalivaOO@mail.ru*

**OROZALIEVA J. M.**
*J. Balasagyn KNU, Bishkek*
*c Bishkek*
*orozalivaOO(a)mail.ru*

# Н. БАЙТЕМИРОВДУН ПОЭМА ЖАНРЫНДАГЫ ИЗДӨНҮҮЛӨРҮ (70-80-ЖЫЛДАРДАГЫ ПОЭМАЛАРЫНЫН МИСАЛЫНДА)

## Поиски в жанре поэмы Н.Байтемирова (на примере произведений поэта 70-80 годов)

## Search for the genre of the poem by N. Baitemirov (Example of poems of 70-80 years)

***Аннотация:*** *Макалада кыргыз адабиятынын 70-80-жылдардагы поэма жанрындагы внугушу белгилуу акын Н.Байтемировдун чыгармачылыгынын мисалында иликтввгв алынат. Акындын поэмаларындагы жацычылдыктар, формалык жана идеялык, кврквмдук изденуулвр анализденет.*

***Негизги свздвр:*** *лирика, эпикалык поэзия, поэма, образ, лирикалуулук, романтикалуулук, лирикалык каарман, жандандыруу, арноо-поэмалары, подтекст, кврквм-эстетикалык ракурс, реализм, риторикалык суроо, пейзаждык сурвттв, мунвз, туруктуу эпитеттик сурвттв каражаты, терме мотиви, поэма-очерк, поэма-баллада, символдук маани.*

***Аннотация:*** *В статье проанализировано развитие жанра поэмы в киргизской литературе 70 - х и 80 - х годов на примере творчества известного поэта Н.Байтемирова. Подвергаются исследованию новизна поэм поэта, а также его художественные поиски в форме и содержании.*

***Ключевые слова:*** *лирика, эпическая поэзия, поэма, образ, лиризм, романтизм, лирический герой, олицетворение, поэмы-посвящения, подтекст, художественно-эстетический ракурс, реализм, риторические вопросы, пейзажные зарисовки, характер, устойчивое эпитетное изобразительное средство, мотив терме (назидания-дидактики), поэма-очерк, поэма-баллада, символическое значение*

***Annotation:*** *Translation of the annotation: The article analyzes the development of the genre of the poem in the Kyrgyz Literature 70-X and 80-Ies on the example of the work of the famous poet N. Baitemirova. Subject to research Novelty of the poet's poems, as well as His artistic quest in the form and Content.*

***Key words****: Lyrics, epic poetry, poem, obraz, lyrism, romanticism, lyrical hero, personification, poem-dedications, subtext, artistic-aesthetic foreshortening, realism, rhetorical questions, landscape sketches, character, stable epithet depictive, terme motif (edification-didactics), poem-essay, poem-ballad, symbolic meaning.*

Н.Байтемиров акын катары лирикада гана эмес эпикалык поэзияда да жемиштуу иштеген таланттуу калемгерлерден. Буга анын 20дан ашуун чамалуу ар турлуу келемдегу жана ар кандай идеялык тематикалык мазмундагы поэмалары кубе болуп бере алат. Ошолорду ичинен 70-80-жылдардын аралыгында жазылган «Махабат дастаны» (1975), «Махабат жазы» (1979), «Махабатым канатым» (1981) аттуу жыйнактарга кирген поэмаларынан бул езгече керунет. Бул поэмаларда адам турмушунун ар кыл кырдаалы суреттелуп, адамдын жашоо образынын жагдайларын ачып берууге карата кеп куч жумшалган. Адам психологиясын суреттее менен бирге анын коом менен, башка адамдар менен алакасы чечмеленууге алынган. Адам тагдыры тынчтык жана согуш кундерунде

турдууче баяндоого алынат. Ушул маселелер емур, елум, суйуу, жек керуу сыяктуу жалпы адамзатгык проблемалардын параметринде чечмеленет. Убакытгын учкулдугу, ага карата замандын, коомдун енугуп, езгерушу ез ара карым-катыштыкта баяндалат. Ошого ылайык адам баласьшьш мумкунчулуктеру талдоого альшат. Мына ушул сыяктуу кеп мазмундуу, кат-кат маанини камтыган акындын поэмалары келвмдук жактан втв чакандыгы менен айырмаланып турат. «... поэмаларынын басымдуу квпчулугу чакан келип, 120 саптан 150 сапка чейинки ыр саптарынан турат» [11:450]. Демек, акындын кыска сапка узун ойду, эгиз маанини камтый алган чеберчилигин айтпай кетуу калыссыздык болоор. Муну менен катар Н.Байтемировдун эпикалык мунездегу поэмалары лирикалык маанайды чагылдырып турушу менен да бетенче мазмунду шарттап турат. Ырааты менен енуккен динамикалык сюжеттеги турмуштук окуяларды суреттевдвн мурда акын психологиялык ички сезимге, лирикалуулукка, романтикалык термелуулврге басым койгондуктан поэма окурманынан да ошондой сезимталдуулукту, ар бир кубулуштун ички дуйнвсунв терецден сунгуп кирип тушунууну талан кылат. «Анткени, - дейт бул туурасында белгилуу адабиятчы Л.Укубаева, -бул поэмаларда ырасьшда да ырааты менен енуккен сюжет чанда кездешет.» «...Ага Караганда аларда турмуштук тигил же бул кырдаалдардан, окуялардан улам пайда болгон сезим, ойлор лирика менен эпиканын ажырагыс биримдигинде енугет. «Торгой куусу», «Таштагы гул», «Саат алты ноль-ноль», «Тушоо», «Бир баш буудай», «Ал сахнада жургенде», «Кантип кыжыр кайнабасын», «Анархай баяны», «Ак-башат», «Уя», «Уул», «Бир жутум суу» ж.б. поэмалары ушундай маанайда жазылган. Н.Байтемиров аталган поэмаларда романтикалык манерадагы акын катары керунет. Ал эмне женунде гана жазбасын (жамгыр, ак-куу, суйуу, ажырашуу ж.б.) кепчулук учурда предметтин ички мазмунуна сунгуп кирип, аны поэтикалык призмадан еткеруп, жандантьш, ой кыялдын нурлуу талаасы менен альш етууге чебер» [11:458]. Бул пикирден байкалгандай Н.Байтемиров эпикалык поэмаларга лирикалык мунез ширелиштирген лиро-эпикалык жанрдагы поэма жазуунун чебери. Ошону менен бирге суреттеп жаткан керунушту, окуяны реалистик маанайда туруп суреттееге алышы да акындын реалистик маанайдагы суреткерлик чеберчилигин айгинелеечу керунуштен экендиги талашсыз. «120 саптар турган чакан поэмаларында терец лиризм, канаттуу романтика менен жуурулуша суреттелген каармандын реалдуу психологиялык орбаздарын да жолуктурабыз» [3:455]. Буга жаратылыш керунуштеру, пейзаждык суреттеелер ете чеберчилик менен параллелдуу айкалыштырылган. Келемунун ете кыскалыгы, тактыгы, психологиялуулугу, лиризм менен драматизмдин, реалдуулуктун айкалышып берилиши сыяктуу жогоруда саналган керкем чеберчилик сапаттар акынды улуу акын А.Осмонов менен кыйла жакындаштырат. А.Осмоновдун поэмалары сыяктуу эле Н.Байтемировдун поэмалары да терец маанилуу жана турмуштук керунушту эц ишенимдуу чагылдырган керкемдук оргиналдуулугу, сезге сарац ойго байлыгы, кайталангыс суреттее каражаттары аркылуу езгечелукту тузуп турат.

«Таштагы гул» поэмасында жогорку сапаттардьш бардыгы камтылган. Женекей эле турмуштук бир керунуштун негизинде жазылган бул поэма болгону элуу уч гана саптан куралган. Адамдардьш бири-бирине жасаган суук мамилеси менен лирикалык каармандын суйуу, адамды баалоо тууралуу лирикалык чегинуулеру карама-каршылыкта суреттелет. Лирикалык каарман Бедел Кумарга деген аёо сезимин жашырбайт. Ал кыздын ар бир кыймылын бетенче суктануу, таза симпатия менен ырга салат. Тоо гулунун керунушу менен кыздын турпаты параллелдуу баяндалат. «Булак жана кыз», «шибер жана кыз», «кун нуру жана кыз» сыяктуу салыштыруулар кыздын сырткы келбетин гана тартууга жардам бербестен, анын психологиясын, ички сезимин, маанайын да ачык чагыглтууга чон ебелге тузген. Бирок ушуга удаалаш лирикалык каарман белгилегендей кыздьш сезиминде баары жайында эместиги белгилуу болот. Ойго батьш турган кыздын уйгу-туйгу абалын сезгендей батыштан кара булут каптап, кара нешер ортоктоштой усту-устуне сабан тегуп турду. Жан ичиркенткен суук сезден бир гана кыз эмес жансыз табият да ушул, ичиркенип, «кара» кийип тунеруп турган эле:

Тура берди, тура берди,
Кара нешер ура берди.
Ацгычакты боз уй жактан,
Апасы анын жетип келди.

Кыздын уйпаланган абалына ечешкенсуп «кара» деген эпитет атайы кошо алынган нешер теге берет. Буга катар кара муртез эне да кызын аяган жок. Жалгыз гана эртели-кеч кыз келип сырын айтчу, кайгы-мунун белушчу табият аяп, кошо кайгырып, «ыйлап» лирикалык каарман менен кошо жан тартып турат:

Аяган жок байкуш эне,
Суйрелсе да асыл дене.
Мен дейсинби аны керуп,
Аска ыйлап турган эле [4:53]. Керунуп тургандай, акын поэмасында жандандырууну ете жыш колдонгон. Бул ыкма «Манас» эпосундагы элдин башына тушкен кайгы, трагедияны суреттееде эл менен кошо кайгырган жаратылыш кубулуштарынын (М: Карагай ыйлап, тал ыйлап, калыц журттун баары ыйлап, карарган тоо, аска ыйлап) жандуу элесин эске салат.

Бирок, кара нешер артынан кун чыккан сынары Беделдин кийлигишуусу менен жакшы аяктаган окуя акыры эки жаштын кептен бери ичтеринде сактап журген бири-бирине деген таза, аруу сезимдерин сыртка чыгарууга ьщгайлуу шарт тузет:

Апасы анын турду карап,
Унчукпады неге аяп?
Ошол кезде жарк дей тушту,
Жаан башталган батыш тарап [4:120] -демек кыз менен жигиттин табышуусу табият тарабынан да колдоого альшат. Улуу сезимдин, жаштык арзуунун алдьшда кара нешер сындуу тушунбестуктен келип чыккан уу тил, ачуу сез, ур-бериге алуу да алсыз болуп чыкты. Окуя мына ушуну менен аяктайт. Турмуштук керунуштун, кунумдук жашоонун женекей гана бир узуму. Кез ирмемчилик мезгилде болуп еткен кыска окуя. Бирок, ошол кыска окуяда адамдын суйуусун даназалоо идеясы берилип, аны менен кошо адамды баалай билуу, андагы сулуулукту сактоо сыяктуу чакырыктар орун алган. Ошондой эле жаш езгечелугуне карабастан адам баласына туура, адилеттуу мамиле кьша билууну тымызын эскертет. Бул айрыкча тарбия процессинде айрыкча эске альшуучу маселе экендиги талашсыз.

Ошол жаандуу кунку окуядан кийин жолуктура албай калган кыздын элесин лирикалык каарман дагы эле болсо ошол бойдон кекурегунде сактап, ар бир кадам сайын тымызын издеп, эстеп журген учуру чыгармадагы окуянын чечилишин керсетет. Энеси менен кыздын ортосундагы конфликт сюжеттин элементиндеги окуянын чиеленишине белгилуу елчемде шарт тузсе, ал эми Бедел менен Кумардын жаштык кумарга батып, кыналып турган сурету окуянын кульминациялык чекитине алып келип такалат. Беделдин лирикалык маанайы бетенче ишенимдуу суреттелген. Ал кенулуне жаккан кызды унута албай кыйналат:

Кайта-кайта кулак туруп,
Суу шылдырын уккум келет.
Балким Кумар кулкусунун
Кукумдеру калса керек! [4:120] Узундуде керунуп тургандай Беделдин кусалыгында кыздын шынгыр кулкусу - портретик жузунун бир элемента суу шылдырына айкалышкан биримдикте берилип, кыздын жагымдуу келбетинен дагы бир кабар бере кетет. Муну менен ал суйуунун ыйыктыгын даназалап, анын улуулугуна тан, берет. Махабат адам журегунен тунек тапкандан соц, эч качан анын жылуулугу ечпей тургандыгьш белгилейт. Кыздын аты да керкем символизмдин милдетин аткарып, жаштыкка, махабатка кумар маанисин ез ичине камтьш турат. Лирикалык каармандын ички сезими, суйууге болгон кумары кыздын жаркын элесине айкалышып, идеялизацияланган, аруу образдын тузулушуне алып келген. Каармандын атынын да ошол образдын ачылышына кызмат кыльш, езунче бир маани камтып турушу керкем адабиятта образ жаратуунун формасы, ага символдук, шарттуулук касиеттерин камтыган керунуш. Ошол сындуу Н.Байтемиров да каармандарынын аттарына эле кепчулук у чур да подтекстте чечмеленуучу маанилерди кошо бергендиги да чеберчиликтин бир негизи болуп калмакчы. Дал ушундай маани берип турган Кумар аттуу кызга болгон лирикалык каармандын арзуусу тубелуктуу керунуш катары адамдын рухий жашоосуна азык берип, кенул отун кекелетуп туруучу умут жьглдызы экендигин танбайт. Аны туз эле кун деп атайт:

Журегумде бир Кун турат,
Кенулуме ерт болуп.
Орт болсо да емуруме,
Жарык чачат керк болуп [4:121],-деп кыздын Кун сымал элеси анын буткул калган емуруне энергия - умут берип турган керунуш экендигин ачык эле айтат. Анын кенул ышкысы тушкен жаш кыздын башкалар анчейин элес албаган

сапатгары дагы эле болсо аны кыйноого салып, ойго тушуруп келет. Турмушта кездешкен ар бир кадамын лирикалык каарман ар дайым ошол бир кезекте тоо арасында еткен окуяга салыштыруу аркылуу кабыл алат, кыздын ошондогу абалы анын карегине батып калгандай:
Кара нешер суута албаган, Чоктон буткен анын эрдин. Айтчы жигит, айтчы жигит, Барбы деги кимден кердун? [4:121], -деп кыздьш, ага жуурулушуп турган жаратылыш керунуштерунун; булактьш, тоо гулдерунун, шибер чептун, кун нурунун коoздугуна кубе болуп калганы учун бетенче патетика менен сыймыктанат. Риторикалык суроодо автор кыздын келбетин жаратылыштын стихиялуу керунушу болгон нешерге карама-каршы коюп, контрасттык кырдаал жаратат. Жаратьшыш кубулушундагы карама-каршы табигый керунуштерду суреттеп автор кыздьш образын дааналанта тарта алган. Ар кандай абалдагы пейзаждык суреттеелер мунездердун ачыльшьша ебелге болуп берген. Акындын лирикалуу калеминин кучу менен, чеберчилиги аркасында кыздьш портрети укмуштуудай чебер тартылган. Анын кулкусуне булактьш шынгыр уну, тазалыгы, аруулугу, тоо гулунун назиктиги, кез жоосун алган коoздугу, шибер чептун жаштыгы, кун нурунун мээрими айкалышып, мунезундегу кайталангыс сулуулукту, коoздукту, аруулукту жараткан. Ошону менен катар акын кыздьш келбетин дагы дааналантуу максатында эц сонун кошумча эпитеттерди ыктуу пайдалана алган. Элдик чыгармаларда кездешуучу туруктуу эпитеттик суреттев каражаты поэмага взгвчв кврк киргизип, анын кврквмдук мазмунун дагы терендетип турат. Бул взгвчв «перизат», «асыл жан», «каухар таш» сыяктуу сальштырууларда байкалат.

Бир квргвн туш сымал кийин жоготуп жиберген кымбат адамын вмур бою издеп жургвн лирикалык каармандын абалы аянычтуу сезилет. Тунук суйууну туу туткан туруктуулугу аркасында тун махабатын журвгундв сактаган анын типтуу образы колдоого алаарлык. Жогоруда айтылгандай, башкы каармандын тааныш кврунуштун бардыгьш ошол кымбат адамына, журвк тупкурундвгу асьгл дуйнвсунв салыштырып кыйноо тартып келиши окурман тарабынан боор толгоого арзыйт. Бирок бул чыгарманын финалы эмес, автор ушул бир жактуулук менен поэманы бутуре салганга ашыкпайт. Турмуш диалектикасьш эске алуу менен, убакыттын етушун, мезгилдин ектвмдугун, баардык нерсе езгвруп, внугуп - всуп, талкаланып, куралып турарын моюнга алуу менен ошол кездеги солкулдаган кызды азыр кврв албасына да ал ишенет. Ошондуктан, баштагы пессимистик духтагы ойлорун оптимистгик кыялга алмаштыруу менен Кумардын адам суктанаарлык келбети менен мунвзу, жаштыгы взундв элес менен гана жашашына макул болууга аргасыз болот:

Кврбвгвнум дурус болоор,
Перизаттын карыган кезин.
А кврвкчв, кала берсин,
Солкулдаган кайран сезим [4:122] . Барып-келип эле окуянын чечилиши мезгилдик-мейкиндик узактыкка баш ийет да, лирикалык каарман кыздьш анда калган жагымдуу элесин журвгунвн эч вчургусу келбейт. Ал ошол бала чакта карман алган кымбат элести жоготуп алуудан коркот. Башта айтылгандай ал ошол элестин жарыгы менен калган вмурун суруп келет. Ошол сезимдеги «кунду» аздектеп каухар таш сымал убвлвнгвнунв макул болбойт. Ошондуктан, эми жолугушууну да да кутпвйт:

Жолукпасам дурус болоор,
Убвлвнгвн каухар ташка.
А, кврвкчв кала берсин,
Каввнум ошол бала чакта [4:122] . Демек, автор бул жерден мезгил канчалык ез екумдугун кылса да, карытса да, убелентсе да адамды тушунуу, суйуу ага баш ийбей кенул теренинде ошол бойдон сакталат деген идеяны жактайт. Ушул негизден алып Караганда, бир топ адабиятчы-окумуштуулардын ойлорун улантуу менен Н.Байтемировдун бул «Таштагы гул» поэмасьш «суйуу тууралуу поэма-баллада» деп атаса болчудай. Н.Байтемиров арноо мотивиндеги поэмаларды да жараткан. Коомдогу алдынкы керунуштерге, кубулуштарга белгилуу адамдарга, алардын беделине арналып, даназалоо тибинде жазылган чыгармаларыньш катарьша акьшдын «Торгой куусу», «Он алты кыз», «КамАЗ», «Келде журет», «Ал сахнада жургенде» поэмалары кирет. Мында талбаган эмгектин даназаланышы менен адамдык абийир намыс, туулган жерди, элди урматтоо, сыйлоо сыяктуу гуманистгик идеяларды автор алдынкы планга алып чыккан. Адамдык асыл сапаттар элдин алдындагы жоопкерчилик менен эриш-

аркак катыштыкта чечмеленген. Эмгек темасы негизги маселе катары сүреттелгендуктен жогорку поэмалардьш тарбиялык, эстетикалык мааниси ачыкка чыгып, дидактикалык чен-елчем менен кароого шарт тузет. «Торгой куусу» деп аталган поэма атактуу жазуучу Ч.Айтматовдун чыгармачылык портретин тузууге арналган. Чыгарма баштан аяк элдик поэзиядагы терме мотивинде жазьшган. Чакан поэмада улуу жазуучунун таланты тууралуу сез болуп, анын чыгармачьшыгьша адабий экскурс жасалат. Анын чыгармаларына керкем-эстетикалык ракурстан туруп баа беруу менен жазуучунун кыргыз адабиятындагы жана дуйнелук адабияттан алган орун аныктоого басым жасаган. Сыймыктануу патетикасы менен жазуучу эл жасаган эмгегинин акыбетине болгон сыйлыктарын санайт. Поэманьш келему чакан, чатышкан татаал сюжет жокко эсе. Болгону аны ширин тили, кызыктуу чыгырмалары аркылуу жан буткендун баарьша сайрап берип руханий рахат тартуулаган боз торгойго сальштырат. Жазуучунун жеткен ийгиликтери карандай эмгектин гана натыйжасы экендигин да баса белгилейт. Окуялуулуктан качып, поэмада ой-толгоолорго негизги кенулдун бурулушу чыгарманын формалык жактан жаны керунуш экендигинен кабар берет.

Ушул эле идея «Келде журет» поэмасында да чагылдырылат. Мьшда МАуэзовдун портретин ачууга куч жумшалган. Казак элинин белгилуу жазуучусу жана окумуштуусу тууралуу бетенче симпатия менен жазьшган бул арноо тибиндеги поэма эскеруу мотивин негиз кылып алган да арман кылуу, кайгыруу, жоктоо менен чыгарманын сюжети енуккен. Анын казак-кыргыз элине жасаган эмгектери менен кошо адамдык сапаттары талдоого алынат. Ушул адамдьш улуулугун тастыктаган анын женвкейлугу эмеспи. МАуэзовдогу мына ушул сапат элдин тубелук эсинде калчу негизги касиет экендигин керсетет. «вмур бизден втуп кетсе, эл эмгектен эскерсин», - деп белгилуу акын А.Токомбаев айткандай кезу етуп кеткен улуу инсандын элеси эл жасаган эмгектери менен кошо эл ичинде тируу жургендугун эскерет. Анын адамдык касиеттери, улуу инсан катары бейнеси чалкьш жаткан кел менен параллель берилип, анын элеси келде журет дейт акын. Демек, адамдын эмгеги, сапаттары эл ичинде сакталуу менен кийинки муундарга жетелеечу, шыктантуучу куч катары кызмат аткара берери айкындалат.

Ушундай эле эмгектин елбестугу, элге кьглган кызмат эл тарабынан даназаланаары тууралуу идея «Ал сахнада жургенде» поэмасында да тузден-туз улантылат. Элибиздин ажайьш сулуулукка болгон суктануусун билдирген бул поэма бийчилик енердун не бир турдуу сапат-касиетин ачып беруу менен бирге ошол енердун, табигат тартуулаган таланттын жана сулуулуктун аркасы менен эл эсинде сакталганын айтып, бийчи Б.Бейшеналиеваны эскерет.

Илимий техникалык прогресстин калыптаньшынын башатында турган В.И.Лениндин образы тунгуюктан жол тапкан улуу кесем катары баяндалып, жол башчылыгы белгиленген «КамАЗ» поэмасында ошол улуу енугуштердун бир мисалы катарьшда КамАЗ заводу жана андан чыккан оор жук ташуучу машиналар сүреттелет. Ал машиналардын кунумдук турмушта, курулушта, оор енер жайларында аткарган ролуна суктануучулук сезимин акын жашыра албайт. Мына ушундай енуккен коомдо жашоо бактысына туш келгендигине сыймыктанат. Ушул сыяктуу мактоо, сыймыктануу, суктануу манерасы жыш орун алган акындын бул поэмасы коммунистик социализм бийлиги учурундагы жашоо гимниндей да туюлуп кетет.

Ушундай эле арноо мотиви «Он алты кыз» поэмасынан да ачык байкалат. Мьшда Ленин районундагы Фрунзе колхозунан чыккан он алты кыз женунде баян негизги борбордо турат. Пахтачылык боюнча алган милдеттенмелерин эки эселеп аткаруу менен республикага атагы чыккан кужурмен эмгек каармандарынын элеси чыгармада керкем сүреттөө каражаттары аркылуу дааналантылган. Он алты кыз курамында турган бул пахтачьглардын бригадасы реалдуу турмуш картинасынан керкем чыгармага документалдуу, тарыхый изи бар турмуштук факт катарьшда кечуп, акьш алардын образын реалдуу тарта алган. Мында акын езгече фольклордук сүреттөө каражаттарын ыктуу колдонуу аркьглуу ийгиликке жетише алган да бетенче элестуулукту, керкемдуулукту шарттоого жетишкен. Терме стили менен жазьшган бул поэмада ар бир кыздын езунун мунез -

касиетгерин болуп керсете алган. Ошону менен бирге автор он алты кыздьш кимисине артыкчылык берип, ык саларын билбей кыйналып журген абалын да жашырбайт. Ошону менен бирге акындын поэмада ачык керунген бетенче сый кез карашьш да айшай кетууге мумкун эмес.

Ал эми «Кел казал» поэмасы болсо жогоруда сез болгон арноо тибиндеги поэмалардан пейзаждык суреттевгв жык толгондугу менен айырмаланьш турат. Мьщда колдун ажайып коoздугу, аньш касиети даназаланат. Дарьшык касиети бар кол айланасы саналып, адам баласына жасаган кызматы терилип баяндалат.

Жогоруда азыноолак кеп болгон арноо-поэмалары («Торгой куусу», «Кол казал», «Он алты кыз», «КамАЗ», «Квлдв журвт», «Ал сахнада жургвндв») документалдуу негизде, башкы каармандары реалдуу турмушта жашаган адамдар болуп, алардын эмгегине, артыкчылыктарына суктануу алдьщкы планда сурвттвлгвн. Сурвттвлуп жаткан кубулушка же предметке карата автордун бийик патетикалуу мамилесинен улам окумуштуу-адабиятчылар [3: 445] буларды жанрдык жактан поэма-баллада деп табышкан. Турмуштук реалдуу корунуштон алынып кадимки турмуштук адамдардын портретик жузун чагылтууга арналган бул поэмаларды поэма - очерк деп атаса болчудай. Себеби, очерк сыяктуу турмуштагы реалдуу адамдын омур жолу документалдык-фактографиялык негизде баяндалып публипистикалуулук, оперативдуулук басымдуулук кылган корком очеркке кобуроок ыкташарын белгилей кеткенибиз жен. Ошондой эле бул кыска арноо поэмаларьшда акындык поэзияньш терме улгусундо баяндоо да негизги озгочелук болуп саналат. Бул ошол сурвттвлуп жаткан предметтин баардык сапат-касиетин белгилвввгв шарт тузгвн. Ошондуктан акындын поэмаларьшда лиризм менен реалдуулук айкалышып кврквм чыгармадагы ажырагыс бир бутундуккв айланган. Ушунусу менен алар универсалдуу мунез камтып, кат-кат мани камтып турат.

***Пайдаланылган адабияттар:***


1. Айтматов Ч. Н. Байтемировдун эпосу. Ала Тоо, 1986, №4 -29-б.
2. Алыбаев Ж. Коп кырлуу талант // Кыргызстан аялдары, 1986, №11, -11-б.
3. Артыкбаев К.Насирдин Байтемиров - Китепте: XX к. кыргыз адабиятьшын тарыхы. -Бишкек, 2004. - 445-458-беттер.
4. Байтемиров Н. Махабат жазы - Фрунзе, 1979. - 120 б.
5. Байтемиров Н. Махабатым - канатым. - Фрунзе, 1981, - 232 б.
6. Жетимишов С. Оттук таш // Кыргызстан маданияты. - 1982, -12-авг. - 5-б.
7. Искендерова С. Акындын арымы // Кыргызстан маданияты, 1982, 23-сентябрь, -14-б.
8. Садыков А. Кыргыз залкарлары. Н.Байтемиров - IV том. - Бишкек, Бийиктик, 2012. - 16-75-беттер
9. Толоев Ж. Азыркы кыргыз поэмалары - Фрунзе, Илим, 1970.
10. Укубаева Л. Коп кырдуу талант - Насирдин Байтемиров. - Китепте: Ч.Айтматов жана кыргыз адабияты. - Бишкек, Турар, 2012 - 240-283-бет.
11. Укубаева Л. Насирдин Байтемиров - Китепте: Кыргыз совет адабиятьшын тарыхы-Фрунзе, 1990.- 450-бет.


**Рецензент: Жаныбаева М. А.** - филология илимдеринин кандидаты, Ж.Баласагын атындагы КУУнун доценти